УДК: 33.2964
DOI 10.33514/1694-7851-2023-1-387-389

**Койчуманов М.Т.**
экон. илим. канд., доц. м.а.
И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети
maksatbektk@gmail.com

# МАМЛЕКЕТТИК-ЖЕКЕ ӨНӨКТӨШТҮК ДОЛБООРЛОРУН ИШ ЖҮЗҮНӨ АШЫРУУ ЫКМАЛАРЫ

**Аннотация:** Бул макалада мамлекеттик-жеке өнөктөштүк долбоорлорунун экономикалык жактан өнүккөн өлкөлөрдө колдонуу ыкмалары каралган. Мындан тышкары, мамлекеттик-жеке өнөктөштүк системасын Кыргыз Республикасында колдонуу мүмкүнчүлүктөрү тууралуу маселелер ачылып берилген.

**Негизги сөздөр:** мамлекеттик-жеке өнөктөштүк, долбоордук компания.

**Койчуманов М.Т.**
канд. экон. наук, и.о. доц.
Кыргызский государственный университет им. И. Арабаева
maksatbektk@gmail.com

# МЕТОДЫ РЕАЛИЗАЦИИ ПРОЕКТОВ ГОСУДАРСТВЕННО-ЧАСТНОГО ПАРТНЕРСТВА

**Аннотация:** В статье раскрыты методы применения проектов государственно-частного партнерства в экономически развитых странах, а также возможности применения системы государственно-частного партнерства в Кыргызской Республике.

**Ключевые слова:** государственно-частного партнерство, проектная компания.

**Koichumanov M.T.**
Candidate of Economic Sciences, Acting Associate Professor
Kyrgyz State University named after I. Arabaev
maksatbektk@gmail.com

# PUBLIC-PRIVATE PARTNERSHIP PROJECTS' IMPLEMENTING METHODS

**Annotation:** The article reveals the methods of application of public-private partnership projects in economically developed countries, as well as the possibilities of using the public-private partnership system in the Kyrgyz Republic.

**Keywords:** public-private partnership, project company.

Коомдун муктаждыгы өскөн сайын, бир жагынан, мамлекеттин бюджетинен каржылай турган долбоорлор көбөйө берери анык, экинчи жагынан, калктын бардык катмарларына тегиз пайдалуу болуш үчүн, мамлекеттин көзөмөлү зарыл болуп калган учурлар да кездешет. Дал ушундай жагдайдан улам, мамлекеттик-жеке өнөктөштүк (МЖӨ) ыкмасын колдонуу

зарылчылыгы келип чыккан. Бул ыкма биринчилерден болуп Европа өлкөлөрүндө колдонулган. Мындай долбоорлордун ичинен көңүл бура турган төмөндөгүдөй долбоорлор бар: Германиянын Гамбург шаарындагы филармония, Швеция менен Даниянын ортосунда курулган Оресун көпүрөсү жана Улуу Британия менен Францияны бириктирген суу астындагы «Евротуннель» долбоору.

Бул долбоордун жалпы бюджети 10,2 млрд. фунт стерлингди түзүп, каражат мамлекеттин бюджетиненен эмес, жеке адамдардын жана коммерциялык банктардын акча-каражатынан турган. Бул каражатты натыйжалуу башкаруу үчүн 5 Улуу Британиялык жана 5 Франциялык компаниялардан турган «Транс Линк» долбоордук компаниясы түзүлгөн [1].

Долбоордук компаниясы тышкы жана ички факторлорду эске алуу менен топтолгон акча-каражатты төмөнкү багыттарга жумшаган.

Таблица 1 **«Евротоннель» долбоорунун капиталынын түзүмү**

| **Каражаттардын колдонуу багыттары** | **Фунт стерлинг, млрд** |
|---|---|
| Сатып алуу жана куруу иштерине | 2,2 |
| Долбоорду башкаруу жана эксперттик кызматтарга | 1 |
| Дивиденддерди төлөөгө | 1 |

Долбоор аткарылып жаткан учурда долбоордук компания тарабынан МЖӨтүн түрдүү ыкмаларын колдонуп 500 000 чакан акционерлерди топтоого жетишишкен. «Евротоннель» долбоору 7 жылдан соң ийгиликтүү иш жүзүнө ашырылып, 1994-жылы эксплуатацияга берилген.


Мамлекеттик-жеке өнөктөштүк ыкмасы чыгыш өлкөлөрүндө да, анын ичинде Кытай Элдик Республикасында кеңири колдонулат [2]. Өзгөчө МЖӨнүн “Куруу - пайдалануу - өткөрүп берүү” механизми абдан актуалдуу. Бул ыкма менен көп долбоорлор аткарылган. Кытайда 2022-жылга чейин 16,3 трлн. юандык 10 миңден ашуун МЖӨ долбоорлору иш жүзүнө ашырылган.

Кытай Эл Республикасынын алдыңкы окмуштуулары да, жеке компаниялардын жетекчилери да ички жана тышкы инвестицияны мамлекеттик-жеке өнөктөштүк ыкмасы аркылуу тартуу эң натыйжалуу жол деп баса белгилешет [3].

Менин пикиримче, мамлекеттик-жеке өнөктөштүк ыкмасын Кыргыз Республикасында кеңири колдонушубуз керек. Бизде керектүү шарттардын баары бар деп эсептейм. Мисалы, Кыргызстанда «Мамлекеттик-жеке өнөктөштүк жөнүндө» Мыйзам 2012-жылы кабыл алынып, Кыргыз Республикасынын 2040-жылга чейинки стратегиялык өнүгүү планында да камтылган [4]. Мыйзам мамлекет менен жеке тараптар 50 жылга чейинки мөөнөттө мамлекеттик-жеке өнөктөштүк ыкмасын колдонуу менен долбоорлорду ишке ашырууга мүмкүнчүлүк берет.

Экинчи чоң жагдай бул Кыргызстандын республикалык бюджетинин абалы. Эгер республикалык бюджетинин акыркы 5 жылдагы киреше, чыгаша жана бюджеттик тартыштыкты анализдеп көрсөк, төмөнкүдөй маалыматка ээ болобуз.

Диаграмма 1. **Республикалык бюджеттин киреше, чыгашалары жана бюджеттик тартыштык.**




Диаграммада көрүнүп тургандай, эгер 2018-жылы бюджеттин киреше бөлүгү-135,5 млрд сом болсо, 2022-жылы 282,1 млрд сомго өскөн, бирок бюджеттик тартыштык да 2018-жылы 6,4 млрд сом болсо, 2022-жылы 9,1 млрд сомду түздү. Бул аналитикалык маалымат мамлекеттик-жеке өнөктөштүк ыкмасын Кыргызстанда кеңири колдонуу зарыл экендигин көрсөтүп турат.

Менимче, мамлекеттик-жеке өнөктөштүк механизмдери өлкөнүн бюджетине оордугун салбай туруп, улам жаңы объектилерди мамлекеттин балансына өткөрүү аркылуу Кыргызстандын инфратүзүмүн жакшыртууга мүмкүнчүлүк түзүүчү эң ылайыктуу ыкма болуп саналат. Андыктан бул системаны биздин өлкөдө кеңири колдонуп, көптөгөн долбоорлорду иш жүзүнө ашырууда колдонсок болот деген ишенимдүү пикирдемин.

**Колдонулган адабияттар:**

1. Майдл В., Айнк Х., Майдл У. Евротоннель: история, планирование, строительство и эксплуатация. Германия. – Эссен, 1995.

2. China Public Private Partnerships. Center National PPP Integrated Information Platform [Electronic resource] www.cpppc.org/en/djyw/999316.jhtml

3. Кирсанова И.А., Товстолес Д.В. Модели государственно-частного партнерства (ГЧП) в Китае // [Electronic resource] www.cfts.org.ua/blogs

4. Закон Кыргызской Республики «О государственно-частном партнерстве» http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/112275

**Рецензент: экон. илим. канд., и.о. доц. Усоналиева Д.А.**